КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезектеги XXVIII (жыйырма сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын 11-апрели №185/XXVIII-28** **Алмалуу айылы**

"Мамлекеттик айрым ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүү жөнүндө" келишимине макулдук берүү жөнүндө

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы Майлибашев Айбек Бекболотовичтин "Мамлекеттик айрым ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүү жөнүндө" келишимине макулдук берүү жөнүндө сунушун угуп жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. "Мамлекеттик айрым ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүү жөнүндө" келишимине макулдук берилсин.
2. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү бөлүмү каржылык чыгымдардын беренелеринин жылдык эсебин Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык эсептеп берсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Ата айылдык Кенешинин социалдык иштер (ден-соолук, билим берүү, маданият, укук коргоо, мыйзамдуулук жана туризм) боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**